КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 10- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

**2025-жылдын 13- август № 64** **Оргочор айылы**

**“Азык түлүк” программасы менен келген буудайлар жөнүндө**

Мурдагы Светлая Поляна айыл аймагынын “Азык түлүк программасы” менен келген буудайларды “МТАА Агро МТС” муниципалдык ишканасына өткөрүлүп жана сатылып, жергиликтүү бюджетке акча каражатын төгүү боюнча Светлая Поляна айылынын айыл башчысы У.Искаковдун кайрылуусунун негизинде, жергиликтүү кеңештин төрагасы А.Тыныбековдун билдирүүсү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат:**

1. Эсеп палатасынын текшерүүсүнүн жыйынтыгынын негизинде, Светлая Поляна-502,2 (беш жүз эки миң эки жүз) сом жана Ак-Дөбө -2956,5 (эки миллион тогуз жүз элүү алты миң беш жүз) сом 2025-жылдын аягына чейин жергиликтүү бюджеттин эсебине түшүүсү керек экендиги эске алынсын.

2. Мурдагы Ак-Дөбө жана Светлая Поляна айыл аймактарына “Азык түлүк” программасы аркылуу келген буудайлар чогултулуп, “МТАА Агро МТС” муниципалдык ишканасына өткөрүлсүн жана сатууга макулдук берилсин.

3. “Азык түлүк” программасы менен келген буудайлардын акча каражаты Оргочор жергиликтүү бюджетинин эсебине 2025-жылдын аягына чейин төгүлүшүн камсыздоо айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго тапшырылсын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин финансы пландоо боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**